2-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын "18" сентябрь "1191" буйругу менен бекитилди

**"Менин тилим - тирегим" аталыштагы республикалык видеотасмалар сынагынын уюштуруу тобунун жана эксперттик комиссиянын курамы**

**Уюштуруу тобунун курамы**

1. Ибраимова Гүлнара Үмөтбековна - уюштуруу тобунун төрайымы, КР Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун башчысы;
2. Бекбоева Айдай Абылбековна-Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун жетектөөчү адиси;
3. Илиясова Жылдыз Турдубековна – Биринчи май райондук билим берүү борборунун мамлекеттик тил боюнча адиси.

**Калыстар тобунун курамы**

1. Кулмамбетов Жаныш Осмонович – драматург, театр жана кинорежиссеру, Кыргызстан театр ишмерлер союзунун президенти, калыстар тобунун төрагасы (макулдашуу боюнча);
2. Ибраимова Гүлнара Үмөтбековна – КР Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун башчысы, калыстар тобунун төрагасынын орун басары;
3. Акматалиев Каридин Сартбаевич – Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыкты кызматкери, калыстар тобунун мүчөсү (макулдашуу боюнча);
4. Шейшеналиев Эркин Шайлообекович – телекорсөтүүжана радио уктуруу режиссерлугу кафедрасынын башчысы, Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыкты кызматкери, калыстар тобунун мүчөсү (макулдашуу боюнча);
5. Адылбекова Курманжан Адылбековна – Т.Абдумомунов атындагы КУАДТнын Театралдык окуу жайынын окуу бөлүмү боюнча мүдүрдүн орун басары (макулдашуу боюнча).

3-тиркеме
Кыргыз Республикасынын Билим
берүү жана илим министрлигинин
2020-жылдын "18" сентябрь
_____ буйругу менен бекитилди

**"Менин тилим - тирегим"** аталыштагы республикалык видеотасмалар сынагына катышуу үчүн
**арыз**

| № | **Аталыштары** | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Файлдын аталышы: | | |
| 2 | Видеотасманын аталышы | | |
| 3 | Тематикалык багыты | | |
| 4 | Видеоматериалдын тиби | | |
| 5 | Видеоматериалдын кыскача аннотациясы (30 сөздөн кем эмес) | | |
| 6 | А.А.А. (толугу менен) | | |
| 7 | ЖОЖдун аталышы | | |
| 8 | Келечек адистиги | | |
| 9 | Электрондук почтасынын дареги | | |
| 10 | телефону | | |
| | | | |

**5. Баалоо критерийлери**

5.1. Сынакка келген материалдардын мазмуну, маңызынын сынактын шарттарына туура келүүсү;

5.2. Актуалдуулугу, учурдагы кыргыз тилинин абалынын так, таамай чагылдырылышы;

5.3. Добуштун сапаты (үндүн);

5.4. Көлөмү – 1920x Full HD (1920x1080)

Критерийлердин ар бирине 5.1.- 5.4. пункттарга ылайык, 0дон 2 баллга чейин (0 балл – баалоо критерийлерине туура келбейт, 1 балл - жарым жартылай туура келет, 2 балл - толук туура келет). Эксперттик кеңештин ар бир мүчөсү баллдарды койгон соң, орточо балл чыгарылат жана ал жыйынтыктоочу болуп эсептелет.

**7. Сынакка келген жумуштарга коюлуучу талаптар**

7.1. Видеотасмалардын техникалык мүнөздөмөлөрү:

- Көлөмү – 1920x Full HD (1920x1080)
- Хронометраж 3 мүнөткө чейин;

7.2. Коштоочу документтер:

Сынакка катышуу үчүн билдирүү.

**8. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо**

1-орун - персоналдык компьютер

2-орун – МФУ (ксерокөчүрмө, сканер, принтер)

3-орун - уюлдук телефон

Мындан сырткары катышкандыгы үчүн 3 катышуучуга жана калыстар тобуна кызыктыруучу сыйлыктар, грамота, ыраазычылык кат берилет.

Сынакка катышуунун жол-жоболору боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторуна mamtil20@mail.ru электрондук дареги боюнча кайрылса болот.

Байланыш телефону: 0(705)280173, 0(990)904404 (вотсап), 0(707)295454

## II.Сынактын максаты жана милдеттери

2.1.Сынактын максаты - кыргыз тилинин кадыр-баркын жогорулатуу, студенттер арасында тил маселесин чагылдырган видеотасмалардын сынагын уюштуруу менен атайын база түзүү, студенттердин чыгармачылык жөндөмүн, ой чабытын өнүктүрүү.

2.2.Сынактын милдети - чыгармачылык студенттер арасында тил маселесин чагылдырган видеотасмалардын сынагын уюштуруу жана өткөрүү, чыгармачыл жаштардын базасын түзүү.

**3. Сынакка катышуунун тартиби:**

-сынакка бардык типтеги, мамлекеттик жана менчик формасындагы жогорку кесиптик билим берүү окуу жайларынын студенттери катыша алышат;

-жаш өзгөчөлүгүнө, улутуна карабастан катыша алышат;

-сынакка катышуу студенттердин өз каалоосунун гана негизинде жүргүзүлөт жана алар жеке катышышат.

**4. Сынакты уюштуруу жана өткөрүүнүн тартиби**

4.1. Сынак 1 этап менен 2020-жылдын октябрь айында өткөрүлөт.

4.2. Катышуучулар сынакка катышуу үчүн арыз менен катар сынакка бериле турган материалдарды уюштуруу комитети тарабынан көрсөтүлгөн дарекке жүктөйт.

4.3. Сынакка катыша турган материалдар топтолуп бүткөндөн кийин уюштуруу комитети калыстар тобуна өткөрүп берет. Эксперттик кеңештин мүчөлөрү сынакка келип түшкөн жумуштардын баарын 5.1-5.4 - пункттарга ылайык баалап, алардын ичинен эң мыкты деп табылган видеотасмалардын авторлоруна 3 байгелүү орун жана 3 кызыктыруучу сыйлык ыйгарышат.

4.4. Сынактын жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сайтында жана министрликтин социалдык тармактардагы расмий баракчаларына жайгаштырылат.

1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Билим
берүү жана илим министрлигинин
2020-жылдын "18" сентябрь
"774/1" буйругу менен бекитилди

**Кесиптик окуу жайларынын студенттери арасында өтүүчү "Менин тилим - тирегим" аталыштагы республикалык видеотасмалар сынагынын Жобосу**

**I.Жалпы жобо**

1.1. Бул Жобо жогорку кесиптик билим берүү окуу жайларынын студенттери арасында өтүүчү "Тилим - менин тирегим" аталышындагы видеотасмалардын республикалык сынагын өткөрүүнүн жана студенттердин катышуу тартибин, шарттарын жөнгө салат. Аталган сынак Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө Мыйзамын, "Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 24-августундагы № 21-32572 Мамлекеттик тил күнүн белгилөө жөнүндөгү тапшырмасын аткаруу жана 23-сентябрь - Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил күнүн белгилөө максатында өткөрүлүп жатат.

Сынактын уюштуруучусу - Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү сектору.

Сынакты уюштуруу жана өткөрүү үчүн атайын уюштуруу тобунун жана эксперттик комиссиянын курамы түзүлөт.

3-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Билим
берүү жана илим министрлигинин
2020-жылдын " 18 " сентябрдагы
"[illegible]" буйругу менен бекитилди

**"Мыкты видеосабак-2020" республикалык сынагына катышуу үчүн арыз**

| № | Аталыштары | |
|---|---|---|
| 1 | Файлдын аталышы: | |
| 2 | Видеоматериалдын аталышы | |
| 3 | Тематикалык багыты | |
| 4 | Видеоматериалдын тиби (5-пункт) | |
| 5 | Видеоматериалдын кыскача аннотациясы (30 сөздөн кем эмес) | |
| 6 | А.А.А. (толугу менен) | |
| 7 | Кызматы | |
| 8 | Мектептин аты | |
| 9 | Мектептин дареги | |
| 10 | Электрондук почтанын дареги | |
| 11 | телефону | |

2-орун- МФУ (Ксерокөчүрмө, сканер, принтер)
3-орун- уюлдук телефон

Мындан сырткары катышкандыгы үчүн 3 катышуучуга кызыктыруучу сыйлык берилет.

Сынакка катышуунун жол-жоболору боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторуна mamtil20@mail.ru электрондук дареги боюнча кайрылса болот.

Байланыш телефону: 0(705)280173, 0(990)904404 (вотсап), 0(707)295454

5.2. Сынактын бардык катышуучулары өздөрүнүн материалдарын жалпыга маалымдоо каражаттарында, соцтармактарда таратууга макулдук беришет.

**6. Баалоо критерийлери**

6.1. Сынакка келген материалдардын мазмуну, маңызынын сынактын шарттарына туура келүүсү;
6.2. Актуалдуулугу, учурдагы кыргыз тили боюнча билим берүүнүн талаптарына , билим берүү стандарттарына туура келүүсү, практикага багытталуусу жана материалдык методикалык баалуулугу.
6.3.Алдыңкы билим берүү технологияларынын жана санариптик технологиялардын соңку жетишкендиктерин киргизүү даражасы.
6.4. Сюжеттик линияны куруунун логикасы.
6.5. ИКТ каражаттарын өз ишинде колдонуу чеберчилиги;
6.6. Видеоматериалдын динамикасы, көрсөтмөлүүлүгү (сүрөттөр, схемалар, анимация ж.б.);
6.7. Визуалдык катардын сапаты;
6.8. Добуштун сапаты (үндүн);
6.9. Сабактын аягында окуучуларга тапшырмалардын берилиши.
6.10. Окуучулар менен кайтарым байланышты ишке ашыруунун жолдорунун берилиши.
6.11. Кошумча материалдардын сапаты: түшүндүрмө каты, максат, милдеттери, (жалпы билим берүү мамлекеттик стандарттарына, предметтик стандарттарга ылайык) сценарий, тиркемелери; дидактикалык талапка дал келүүсү; тактык, логикалуулук жана сабактардын ар бир этабынын жыйынтыкталуусу.
6.12. педагогикалык чеберчиликтин сапаты жана деңгээли: мугалимдин предметтик компетенттүүлүгү жана жалпы эрудициясы; кеп маданияты (дикция, темп, сүйлөө сабаттуулугу); педагогикалык баарлашуусунун стили.

Критерийлердин ар бирине 6.1. - 6.12. пункттарга ылайык, 0дон 2 баллга чейин (0 балл – баалоо критерийлерине туура келбейт, 1 балл - жарым жартылай туура келет, 2 балл - толук туура келет). Эксперттик кеңештин ар бир мүчөсү баллдарды койгон соң, орточо балл чыгарылат жана ал жыйынтыктоочу болуп эсептелет.

**7. Сынакка келген жумуштарга коюлуучу талаптар**
7.1. Видеоматериалдардын техникалык мүнөздөмөлөрү:

- Көлөмү - HD (1280x720) Full HD (1920x1080)
- Форма - *.mp4
- Хронометраж 25 мүнөткө чейин;

7.2. Коштоочу документтер:

- Сынакка катышуу үчүн билдирүү;

**8. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо**
1-орун – персоналдык компьютер

2-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын "18" сентябрь "1170" буйругу менен бекитилди

**Мектеп мугалимдери арасында кыргыз тили сабагы боюнча "Мыкты видеосабак-2020" республикалык кароо - сынагынын уюштуруу тобунун жана эксперттик комиссиянын курамы**

**Уюштуруу тобунун курамы**

1. Ибраимова Гүлнара Үмөтбековна - уюштуруу тобунун төрайымы, КР Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун башчысы;
2. Бекбоева Айдай Абылбековна-Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун жетектөөчү адиси;
3. Иманкулова Калбүбү- Бишкек шаарынын Ленин райондук билим берүү борборунун мамлекеттик тил боюнча адиси

**Эксперттик комиссиянын курамы**

1. Айдаралиева Махабат Осмонбековна - Бишкек шаарынын №66 окуу-тарбия гимназия-комплексинин кыргыз тили жана адабияты мугалими, комиссиянын төрайымы (макулдашуу боюнча);
2. Рыспаев Сулайман Казыбаевич – КББАнын мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясынын башчысы, комиссиянын мүчөсү (макулдашуу боюнча);
3. Ибраимова Рахат Үметбековна – КР БбИМ алдындагы РИПКЖ жана КДИнин алдындагы Тил мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу жана инновациялык технологиялар борборунун окутуучусу (макулдашуу боюнча);
4. Шабданова Махабат Апыловна - № 5 УИТМЛнын кыргыз тили жана адабияты мугалими (макулдашуу боюнча);
5. Айдарбекова Фарида Каленовна - Бишкек шаарынын № 81 орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими (макулдашуу боюнча).

**2. Сынактын милдети:**

-жаш педагогдордун чыгармачылык жана кесиптик потенциалын ачууга жана жаңы ысымдардын чыгышына шарт түзүү;

-билим берүү процессин уюштуруудагы жаңы маалымат технологияларын колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;

-кыргыз тили мугалимдеринин кесиптик чеберчилигин өнүктүрүү;

-жалпы билим берүүчү мекемелерде эмгектенген талантуу, чыгармачыл кыргыз тил мугалимдерин табуу, колдоо жана сыйлоо;

-педагогикалык кесиптин кызматташтык байланышуу чөйрөсүн кеңейтүү;

-республикабыздын алдыңкы кыргыз тили мугалимдеринин педагогикалык тажрыйбаларын жайылтуу;

-эң мыкты тажрыйбалар боюнча маалымат базасын түзүү.

**3. Сынакка катышуунун тартиби:**

-сынакка бардык типтеги, мамлекеттик жана менчик формасындагы негизги жана орто билим берүүчү мектептердин кыргыз тили мугалимдери катыша алышат;

-сынакта талапкерлердин жаш курактары жана педагогикалык стаждары чектелбейт;

-сынакка катышуу педагогикалык кызматкерлердин өз каалоосунун гана негизинде жүргүзүлөт жана алар жеке катышышат.

-сынакка базалык окуу планына, предметтик стандартка, окуу программасына, календардык планга дал келген материалдар менен катышуу зарыл.

**4. Сынакты уюштуруу жана өткөрүүнүн тартиби**

4.1. Сынак 1 этап менен 2020-жылдын октябрь айында өткөрүлөт.

4.2. Катышуучулар сынакка катышуу үчүн арыз менен кошо сынакка бериле турган материалдарды уюштуруу комитети тарабынан көрсөтүлгөн дарекке жүктөйт.

4.3. Сынакка катыша турган материалдар топтолуп бүткөндөн кийин эксперттик кеңешке өткөрүп берет. Эксперттик кеңештин мүчөлөрү сынакка келип түшкөн жумуштардын баарын 6.1-6.12 - пункттарга ылайык баалап алардын ичинен эң мыкты деп табылган видео сабактын авторлоруна 3 орун ыйгарат.

4.4. Сынактын жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сайтында жана министрликтин социалдык тармактардагы расмий баракчаларына жайгаштырылат.

**5. Автордук укуктар**

5.1. Автор өз жумушун сынакка жөнөтүү менен видеоматериалдарды сынактын уюштуруучуларына чектелбеген мөөнөт менен акысыз колдонууга жана ал материалдарды өздөрүнүн каалоосу менен интернетке жайгаштыруу, ЖМКларда чагылдыруу, көбөйтүү, чыгармачылык жактан иштеп чыгуу укугун берет. Сынакка жөнөтүлгөн видеоматериалдар рецензияланбайт жана кайтарылып берилбейт.

1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Билим
берүү жана илим министрлигинин
2020-жылдын "18" сентябрдагы
"1171" буйругу менен бекитилди

## Мектеп мугалимдери арасында кыргыз тили сабагы боюнча "Мыкты видеосабак-2020" республикалык кароо - сынагынын Жобосу

### I.Жалпы жобо

Бул ЖобоЖалпы билим берүү мектептеринин кыргыз тили мугалимдери арасында өтүүчү "Мыкты видео сабак - 2020" республикалык кароо-сынагынын Жобосу (мындан ары Жобо) сынакты (мындан ары сынак) өткөрүүнүн жана ага мугалимдердин катышуу тартибин, шарттарын жөнгө салат.

1.1. Аталган Жобо жалпы билим берүүчү мектептери үчүн видеосабактардын "Санариптик педагогика" деген аталыштагы республикалык сынак жөнүндө Жобону жетекчиликке алуу менен түзүлдү.

1.2. Сынак кыргыз тили боюнча билим берүүнүн мазмуну улам өзгөрүп жаткан учурда мугалимдердин алдыңкы тажрыйбаларын жана методикаларын сунуштоо, аларды колдонуу боюнча натыйжалуу практикаларды жайылтуу формаларынын бири болуп эсептелет.

1.3. Сынакты өткөрүү аркылуу кыргыз тили сабагы боюнча билим берүүнү өнүктүрүүгө, алдыңкы мыкты педагогикалык тажрыйбаларды алып чыгып, педагогикалык коомчулуктун арасында таратууга көңүл бурулат. Ошондой эле сынак педагогдордун кесиптик жана маалыматтык-коммуникациялык компетенцияларын өнүктүрүүгө жол ачат, эң мыктылары тандалып коомчулуктун назарына коюлат.

1.4. Сынактын уюштуруучусу - Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги.

1.5. Сынакты уюштуруу жана өткөрүү үчүн атайын уюштуруу тобунун жана эксперттик комиссиянын курамы түзүлөт. (2-тиркеме).

### II.Сынактын максаты жана милдеттери

2.1. Сынактын максаты - учурдагы кыргыз тили сабагы боюнча мыкты алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды топтоо жана жайылтуу, педагогдордун бирдиктүү маалыматтык-билим берүү аймагындагы маалыматтык-коммуникациялык жана технологиялык компетенциясын жогорулатуу, мыкты тажрыйбалардын базасын түзүү.

Мындан сырткары катышкандыгы үчүн 3 катышуучуга жана калыстар тобуна кызыктыруучу сыйлыктар, грамота, дипломдор берилет.

Сынакка катышуунун жол-жоболору боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторуна mamtil20@mail.ru электрондук дареги боюнча кайрылса болот.

Байланыш телефону: 0(705)280173, 0(990)904404 (вотсап), 0(707)295454

4-тиркеме

"Бекитемин"
Кыргыз Республикасынын Билим
берүү жана илим министрлигинин
статс- катчысы ______ Ж.Ташиев
2020-жылдын " 18 " сентябрь

## "Келгилечи, тилибизди даңктайбыз" аталышындагы республикалык онлайн көркөм окуу сынагынын чыгымдарынын СМЕТАСЫ

| № | Ээлеген орду | Сыйлыктын аталышы | Даана | Наркы | Сумма |
|---|---|---|---|---|---|
| I | | **Байгелүү орундар** | | | |
| 1 | 1-орун | Персоналдык компьютер (CPU LGA1151 Intel Core i3-7100 3.9GHz, 3MB Cache L3, EMT64, Tray, Skylake 1 9445 9445 MB LGA1151 Asus H110M-R/C/SI, H110, mATX, PCIe16x, 2xDDR4 7.1CH, 10xUSB, 4xSATAIII, DVI, VGA, HDMI, GLAN, 2PCIE 1 5035 5035 DDR4 8GB PC-21333 (2666MHz) CRUCIAL 1 2730 2730 Toshiba 500GB 7200rpm SATA3 DT01ACA050 1 3310 3310 SSD KINGSTON A400 120GB TLC 2,5"" SATAIII 1 2540 2540 Power Unit DELUX DLP-21D 250W CE,20+4PIN, 2*big 4PIN, 2*SATA, P4, 1*12CM fan 1 870 870 CPU cooler DEEPCOOL ALTA-9 LGA1155/1156/775/1150/1151 Al 65w 92x32mm,2200rpm 1 345 345 ATX WSC-6828 BLACK USB+AUDIO PANEL 1 1085 1085 A4TECH KR-8572 (KR-85+OP-720) KEYBOARD+MOUSE SET USB BLACK US+RUSSIAN 1 1035 1035 ASUS 21.5" VP228DE LED 5ms/50000000:1/90/65/1920x1080 FullHD VGA) | 1 | 35 000 | 35 000 сом |
| 2 | 2-орун | Ксерокөчүрмө, сканер, принтер (HP LaserJet Pro MFP M426dw МФУ 3 в 1, лазерный, А4, монохромный, ч.б. 38 стр/мин, двусторонняя печать, автоподатчик, печать 600x600 dpi, скан. 1200x1200 dpi, Ethernet (RJ-45), Wi-Fi, 802.11n, USB 2.0, Поддержка AirPrint, Поддержка PostScript, 80000 стр/месяц) | 1 | 32 000 | 32 000 сом |
| 3 | 3-орун | Уюлдук телефон (Samsung A207 3/32) | 1 | 15 000 | 15 000 сом |
| 3 | Байгелүү орундар | Грамота | 3 | 100 сом | 300 сом |
| 4 | Кызыкт. сыйлык жана калыстар тобу | Ыраазычылык кат | 9 | 100 сом | 900 сом |
| | | **Жыйынтыгы** | | | 83 200 сом |

2-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын "18" сентября "779/1" буйругу менен бекитилди

**"Келгилечи, тилибизди даңктайбыз" аталышындагы республикалык онлайн кароо-сынагынын уюштуруу тобунун курамы**

1. Бекбоева Айдай Абылбековна - уюштуруу тобунун төрайымы, КР Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун жетектөөчү адиси;
2. Адылбекова Курманжан Адылбековна - Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театралдык окуу жайынын окуу бөлүмү боюнча мүдүрдүн орун басары (макулдашуу боюнча);
3. Сапалова Жайнагүл Асановна - Бишкек шаарынын Билим берүү башкармалыгынын мамлекеттик тил боюнча адиси (макулдашуу боюнча).

**Калыстар тобунун курамы**

1. Ибраимова Гүлнара Үмөтбековна - КР Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторунун башчысы, калыстар тобунун төрайымы;
2. Каниметова Гүлайым Кызайбаевна - Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театралдык окуу жайынын мугалими, КРнын Эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси, комиссиянын мүчөсү (макулдашуу боюнча);
3. Бообекова Турганбүбү – Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театралдык окуу жайынын сахна кеби сабагынын мугалими, Кыргыз Республикасынын Эл артисти, калыстар тобунун мүчөсү (макулдашуу боюнча);
4. Жоомартова Шекерхан Абдиллаевна - Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театралдык окуу жайынын сахна кеби мугалими (макулдашуу боюнча);
5. Ташманбетова Таалайкүл Карыбековна – Кыргыз-Түрк Манас университетинин Көркөм өнөр факультетинин актердук чеберчилик бөлүмүнүн сахна кеби сабагы боюнча ага окутуучусу, калыстар тобунун мүчөсү (макулдашуу боюнча).

3-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Билим
берүү жана илим министрлигинин
2020-жылдын "18" сентябрь
"771/1" буйругу менен бекитилди

"Келгилечи, тилибизди даңктайбыз" аталышындагы республикалык онлайн көркөм окуу сынагына

**БИЛДИРҮҮ**

| № | Мазмуну | |
|---|---|---|
| 1 | Окуу жайдын толук аталышы | |
| 2 | Катышуучунун аты-жөнү | |
| 3 | Адистиги | |
| 4 | Видеофайлдын жанры | |
| 5 | Чыгарманын автору, темасы | |
| 6 | Видеофайлдын шилтемеси | |

-сынакка катышуу студенттердин өз каалоосунун гана негизинде жүргүзүлөт жана алар жеке катышышат.

**4. Сынакты уюштуруу жана өткөрүүнүн тартиби**

4.1. Сынак 3 этап менен 2020-жылдын октябрь айында өткөрүлөт.

Сынактын 1-этабы – катышуучулардын арызын кабыл алуу (30-сентябрга чейин);

Сынактын 2-этабы – катышуучунун көркөм окуган видеосу уюштуруу комитетине жөнөтүлөт (25-сентябрдан 5-октябрга чейин);

Сынактын 3-этабы – тандалып алынган катышуучулар менен финалдык онлайн сынак ZOOM программасы аркылуу өткөрүлөт (16-октябрда).

4.2. Катышуучулар сынакка катышуу үчүн арызын уюштуруу комитети тарабынан көрсөтүлгөн дарекке жүктөйт.

4.4. Сынактын жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сайтында жана министрликтин социалдык тармактардагы расмий баракчаларына жайгаштырылат.

**5. Баалоо критерийлери**

5.1. *Сүйлөө кебинин жалпы техникасы:*
- дем алуусу
-үндүн күчү (диапазон)
-тон (диапазон)
-дикциясы
-орфоэпиялык ченемдердин сакталышы.
-адабий тилде нукура, так сүйлөөсү.

*5.2. Көркөм окуунун интонациясы:*
-үндүн бийиктиги
-логикалык жана психологиялык тыным
-басым
-эмоционалдык тонду тандоо

*5.3. Көркөм окуунун вербалдык эмес каражаттары:*
-жест
-мимика
-поза

**7. Сынакка келген жумуштарга коюлуучу талаптар**

7.1. Видеофайлдын хронометражы – 2-5 мүнөт;
7.2. Видеофайлдын форматы - AVI,MP4,MOV,M4V
7.2. Коштоочу документ: сынакка катышуу үчүн билдирүү.

**8. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо**

1-орун - персоналдык компьютер
2-орун- МФУ (ксерокөчүрмө, принтер, сканер)
3-орун- уюлдук телефон

1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын "18" сентябрындагы "777/1" буйругу менен бекитилди

**"Келгилечи, тилибизди даңктайбыз" аталышындагы республикалык онлайн көркөм окуу сынагынын Жобосу**

Сынак "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 31 жылдыгына карата видеоформатта өткөрүлөт.

Орто кесиптик билим берүү мекемелеринин студенттери арасында 23-сентябрь-мамлекеттик тил күнүнө карата "Келгилечи, тилибизди даңктайбыз" аталышындагы республикалык онлайн кароо - сынагынын Жобосу (мындан ары Жобо) сынакты (мындан ары - Сынак) өткөрүүнүн жана ага студенттердин катышуу тартибин, шарттарын жөнгө салат.

Сынактын уюштуруучусу - Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Аткаруучу – Токтоболот Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын алдындагы театралдык окуу жайы

Сынакты уюштуруу жана өткөрүү үчүн атайын уюштуруу тобунун жана эксперттик комиссиянын курамы түзүлөт.

**2. Сынактын максаты жана милдеттери**

**2.1.** Сынактын максаты- кыргыз тилинин жаштар арасында кадыр-баркын жогорулатуу, өнүктүрүү жана өркүндөтүү;

**2.2.** Сынактын милдети:
- студенттер арасында кыргыз тилинде көркөм айткан алдыңкы студенттерди аныктоо жана алардын базасын түзүү;
- кыргыз тилин окутууда көркөм окуу маселесине өзгөчө көңүл буруу;
- студенттердин кеп байлыгын өстүрүү жана өнүктүрүү;
- жаштардын адабиятка, поэзияга болгон сүйүүсүн арттыруу.

**3. Сынакка катышуунун тартиби:**
- сынакка орто кесиптик билим берүү уюмдарынын бардык студенттери катыша алышат;
-сынакка улутуна, жаш курагына карабай бардык студенттер катышса болот;

Макулдашылды:

| | |
|---|---|
| Статс - катчы | Ж.А.Ташиев |
| Министрдин орун басары | Н.К.Омуров |
| Министрдин орун басары | Н.С.Джусупбекова |
| Мамлекеттик сатып алуулар жана инфраструктура бөлүмүнүн башчысы | Б.А.Кадыркулов |
| Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмүнүн башчысы | Б.М.Муратналиева |
| Бюджеттик саясат жана финансылык талдоо башкармалыгынын башчысы | А.К.Баймуратова |
| Мамлекеттик тилди өнүктүрүү сектрорунун башчысы | Г.Ү.Ибраимова |
| УККИБнын башчысынын м.а. | Б.Ибрагимов |

0047025

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 3. | "Тажрыйба жана табылгалар" аймактар аралык тажрыйба алмашуу семинарларынын сериясы: Мыкты усулчу Бектур Исаковдун усулдук өзгөчөлүктөрү | сентябрь | Тажрыйба алмашуу сериясы 9 айга созулуп, ай сайын ар бир аймактын мыкты усулчусу тажрыйбасы менен бөлүшөт, | Райондук билим берүү уюмдары | БИМ Мамтилди өнүктүрүү сектору, | Талас усулдук билим берүү борбору |
| 4. | "Сабаттуулук – кыргыз тилин өнүктүрүүнүн башаты" | сентябрь | Кыргыз тилин өнүктүрүүдө интернет сайттарынын мааниси жана аны жайылтуу жаатында тажрыйба алмашышат. | Жогорку кесиптик окуу жайлары | БИМ Мамтилди өнүктүрүү сектору | ОшМУ |
| 5. | Жаңы чыккан 18 аталыштагы китептин бет ачары | сентябрь | Китептердин авторлору менен биргеликте жаңы китептердин бет ачары өткөрүлөт. | Окутуучулар, мугалимдер, басмакана | БИМ Мамтилди өнүктүрүү сектору | "Жаңы китеп" мекемеси |
| 6. | Кыргыз тили боюнча "Мыкты видео сабак-2020" сынагы | Октябрь, 2020 | Тажрыйбалуу мугалимдерди аныктоо | Мектепке чейинки, мектеп, БКББ, ОКББ, ЖКББ | БИМ Мамтилди өнүктүрүү сектору | - |
| 7. | "Көп тилдүү билим берүү – тажрыйбалар жана натыйжалар" республикалык илимий-практикалык конференция | Октябрь, 2020 | Көп тилдүү билим берүү программасынын андан ары багыттары аныкталат. | Көп тилдүү билим берүү программасын ишке ашырып жаткан мекемелер | БИМ Мамтилди өнүктүрүү сектору, | Мугалимдердин билимин жогорулатуу институту алдындагы Интеграциялык технологиялар борбору |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 8. | Студенттер арасында "Келгиле, тилибизди данктайбыз" көркөм окуу сынагы | Октябрь 2020 | Республикалык деңгээлде студенттер арасында онлайн көркөм окуу сынагы өткөрүлөт жана алар интернет сайттарына жайгаштырылат. | Кесиптик окуу жайлары | БИМ Мамтилди өнүктүрүү сектору, | Кыргыз драм театры алдындагы театралдык окуу жайы |
| 9. | "Мамлекеттик тилде мыкты иш кагазын жүргүзгөн адис - 2020" кароо-сынагы | Сентябрь 2020 | Мамлекеттик кызматкерлер арасында эссе жазуу менен мамлекеттик тилде сабаттуу иш алып барган мыкты кызматкерлер аныкталат | КР БИМдин кызматкерлери | БИМ Мамлекеттик тилди өнүктүрүү сектору | |
| 10. | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча улуттук программанын аткарылышы | Октябрь 2020 | Улуттук программанын аткарылышы: ийгиликтер жана кемчиликтер белгиленет. | Мамлекеттик тил боюнча проректорлор, мамлекеттик тил боюнча адистер | БИМ Мамлекеттик тилди өнүктүрүү сектору | Иса Ахунбаев атындагы медициналык академия, |
| 11. | Иш-чаралардын аткарылышы боюнча берилген маалыматтарга ылайык алдыңкы билим берүү мекемелерин аныктоо | Октябрь 2020 | Мектепке чейинки билим берүү жана мектептер боюнча алдыңкы 3 облус, 3 орто жана 3 жогорку кесиптик билим берүү уюмдары аныкталат. | Билим берүүнүн бардык деңгээлдери | Мамлекеттик тилди өнүктүрүү сектору | |
| 12. | КР "Мамлекеттик тил жөнүндө" мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 31 жылдыгына карата жыйынтыктоочу республикалык иш-чара | Ноябрь, 2020 | Жетишкендиктер аныкталат, кемчиликтер белгиленет, жаңы стратегиялык багыттар аныкталат | Бардык билим берүү деңгээлдери | БИМ Мамлекеттик тилди өнүктүрүү сектору | |

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: mlnedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

БУЙРУК ПРИКАЗ

№ 774/1 2020 жылдын «18» сентябрь

**Мамлекеттик тил күнүн белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө Мыйзамын, "Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 24-августундагы № 21-32572 Мамлекеттик тил күнүн белгилөө жөнүндөгү тапшырмасын аткаруу жана 23-сентябрь - Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил күнүн белгилөө максатында буйрук кылам:

1. Республиканын бардык билим берүү уюмдарында 2020- жылдын 21 - сентябрынан тартып 21 - ноябрга чейин мамлекеттик тилдин эки айлыгы жарыялансын жана бардык иш-чаралар **онлайн** форматында өткөрүлсүн;

2. КР Билим берүү жана илим министрлигинин 23-сентябрь - мамлекеттик тил күнүн белгилөө боюнча иш-чаралар планы бекитилсин (№1-тиркеме);

3. Иш-чаралар планында белгиленген төмөнкү сынактардын жобосу, калыстар тобунун курамы, сметасы бекитилсин:

- "Келгиле чи, кыргыз тилин даңктайбыз" көркөм окуу сынагынын жобосу, калыстар тобу, сынакка катышуу үчүн билдирүү, сметасы (1, 2, 3-тиркеме)
- "Мыкты видеосабак-2020" республикалык сынагынын жобосу, калыстар тобу, сметасы (1, 2, 3-тиркеме);
- "Мамлекеттик кызматкер катары кыргыз тилине кошкон салымым" аталышындагы эссе жазуу сынагынын жобосу, калыстар тобу, сметасы, сынакка катышуу арызынын үлгүсү (1, 2, 3, 4-тиркеме);
- "Менин тилим-тирегим" аталышындагы республикалык видеотасмалар сынагынын жобосу, калыстар тобу,сынакка катышуу үчүн арызы, сметасы (1,2,3,4-тиркеме).

4. Билим берүүнүн бардык деңгээлдеринин (мектепке чейинки, мектеп жана мектептен тышкаркы билим берүү, баштапгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү) жетекчилерине:

- 2020-жылдын 21-сентябрынан тартып, 2020-жылдын 21-ноябрына чейин тил күнүнө карата эки айлык иш-чаралар планын иштеп чыксын жана бекитсин;

- 23-сентябрь - мамлекеттик тил күнү салтанаттуу түрдө белгиленсин;

- аткарылган иштердин жыйынтыгы боюнча маалымат Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторуна 2020-жылдын 5-ноябрына чейин mamtil20@mail.ru электрондук дарегине жөнөтүлсүн;

5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин **мамлекеттик тилди өнүктүрүү сектору:**

- иш-чаралар планы менен бардык билим берүү мекемелерин тааныштырсын жана аткарууга алсын;

- тил күнүнө арналган иш-чаралардын республикалык жыйынтыктоочу иш-чарасы 2020-жылдын 25-ноябрына белгиленсин;

6. Бюджеттик саясат жана финансылык талдоо башкармалыгы (А.Баймуратова) жана Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмүнө (Б.Мураталиева) тиркелген сметанын негизинде иш-чараны өз убагында каржылоо тапшырылсын.

7. Мамлекеттик сатып алуулар жана инфраструктура бөлүмү (Б.Кадыркулов) тийиштүү иш-чараларды, сатып алууну Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" мыйзамынын негизинде жүргүзсүн.

8. Кароо-сынакты өткөрүүнү уюштуруу жана координациялоо Мамлекеттик тилди өнүктүрүү секторуна (Г. Ибраимова) жүктөлсүн.

9. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басарлары Н.С. Джусупбекова жана Н.К. Омуровго жүктөлсүн.

**Статс-катчы** **Ж.А.Ташиев**

Ибраимова Г., 663898